Аты-жөнү (колу)

__________________________________

Муницыпалдык мүлктү
ижарага берүүнүн тартиби
жөнүндө жобонун
4-тиркемеси

**Муницыпалдык мүлктү ижарага берүү келишимин түзүү укугуна аукцион өткөрүү**
**ТАРТИБИ**

1. Аукциончу комиссиянын катышуусунда аукционду өткөрөт. Тооруk башталар алдында аукциончу аукцион өткөрүүнүн эрежеси жана жол-жобосу менен катышуучуларды тааныштырат. Аукциончу ижарага берилүүчү объекттин аталышын жарыялайт, аны кыскача мүнөздөйт, аукцион кадамынын белгиленген өлчөмүн жарыялайт.

2. Аукциончу ижарага берилүүчү объектти пайдалануу үчүн ай сайын төлөнүүчү ижара акысынын баштапкы баасын жана баанын көбөйүү кадамын жарыялайт. Катышуучулар өз номерлерин көтөрүү менен аукциончу жарыялаган ай сайынкы ижара акысынын өлчөмүнө ылайык муницыпалдык мүлктү ижарага берүү келишимин түзүүгө даяр экендигин билдирет.

3. Эгерде эки же андан ашык катышуучулар өз номерлерин көтөрсө, аукциончу бир кадамга бааны жогорулатат. Аукциончу жарыялаган ай сайынкы ижара акысынын өлчөмүнө ылайык муницыпалдык мүлктү ижарага берүү келишимин түзүүгө даяр экендигин билдирген бир гана катышуучу калганга чейин, ижарага берилүүчү объект үчүн бааны аукциончу жогорулата берет. Аукциончу акыркы бааны үч жолу кайталайт.

4. Эгерде акыркы бааны үч жолу кайталагандан кийин, катышуучулардын эч кимиси аукциончу жарыялаган ай сайын ижара акысынын өлчөмүнө ылайык ижара келишимин түзүү ниетин билдирбесе, аукциончу балка менен чаап, номерди көтөргөн катышуучуга ижара келишимин түзүү укугун уткандыгын жарыялайт. Бул катышуучу аукциондун жеңүүчүсү болуп калат.

5. Аукциончу акыркы айткан аукциондун катышуучусунун номери жана ал сунуштаган баа аукциондун жеңүүчүсү деп табылат.

6. Аукциончу ижарага берилүүчү объектинин баасын жана аукциондун жеңүүчүсүнүн номерин жарыялайт.

7. Аукциондун жеңүүчүсү сунуштаган баа, аукциондун жыйынтыгы жөнүндө протоколго киргизилип, аукциончу, аукциондун жеңүүчүсү жана комиссиянын мүчөлөрү менен кол коюлат.